Бекитемин

Мектептин мүдүрү: ______ Турунов М.С

Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин сабактын план-конспектисин жазуу жөнүндө жобосу

Жалпы жоболор

**1**.Сабактын план-конспектиси (СПК) окуучулардын деңгээлин эске алуу менен , сабакты алдын ала пландоо, анын максат-милдеттерин, сабакта калыптана турган компетенттүүлүктөрдү тактоо, баалоо түрлөрүн, колдонулуучу каражаттарды аныктоо ж.б. үчүн зарыл болуп саналат.

Сабактын план-конпектиси (СПК)

1. Сабактын алдын ала түзүлгөн план боюнча өткөрүүгө;
2. Сабакта ырааттуулукту сактоого;
3. Пландалган нерселерди калтырып кетпөөгө;
4. Сабактын конкреттүү натыйжаларын пландаштырып, аларга жетишүүгө;
5. Убакытты туура пайдаланууга ж.б. жардам бериши зарыл.

Демек, ал түзүмдүк (структуралык) жактан так жана түшүнүктүү, мугалим сабак учурунда аны колдоно алгандай жазылышы зарыл. Татаал түрдө өтө көп бетке жазылган СПКны пайдалануу абдан эле ыңгайсыз болот. Сабак учурунда мугалим аны кайра-кайра окуй бере албайт, окуучулардын алдында бул абдан ыңгайсыздыкты жаратат. Тескерисинче кыска, так, колдонууга ыңгайлуу жазылган СПК мугалим үчүн пайдалуу болуп саналат.

**2**.КР жалпы билим берүүчү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө (толтурууга) милдеттүү болгон документтердин 1-тиркемесинде: «үч жылдан ашык үзгүлтүксүз иштегендерге сабактын план-конспектисин кыскартылган структуралык формада жазууга уруксат берилет, ал эми жаш мугалимдер кеңири формада жазышат»-деп баяндалат

**3**.СПКнын төмөнкүдөй варианты берилген:

__-КЛАСС

Окуу предмети:

Сабактын темасы:

Сабактын тиби:

Колдонулуучу методдор:

Колдонулуучу каражаттар:

№ Максаттар:

1.

2.

Сабактын максаттары кандай вариантта жазылса да, ал так, конкреттүү, ченеле турган болуп, SMART критерийлерин эске алуу менен, баланын позициясынан коюлушу керек.

SMART сөзү англис тилинен «акылдуу» деп которулат:

S (Specific)-конкреттүү, спецификалуу;

M (Measurable)-Ченеле, өлчөнө турган;

A (Affordable)-жетишиле, ишке ашырыла турган;

R (Realistic)-реалдуу, натыйжага багытталган;

T (Time-bound)-убактысы аныкталган.

Максаттар сабак менен тыгыз байланышта ишке ашат, б.а. сабакты, анын мазмунун толук ачып бериши керек. Максаттар сабактын мазмунунан аз да, көп да болбошу керек.

Сабакта колдонулган көнүгүүлөр, ишмердиктер, ыкмалар ж.б. максат менен байланышып турушу зарыл.

**4**.Компетенттүүлүктөр. Сабактын план-конспектисинин чиймесиндеги НК-негизги компетенттүүлүктөр, ПК-предметтик компетенттүүлүктөр.

Негизги компетенттүүлүктөр (НК) үчөө, алар КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менн бекилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартында берилген:

- Маалыматтык компетенттүүлүк;
- Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк;
- Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү.

Предметтик компетенттүүлүктөр (ПК) предметтик стандарттарда берилген, алардын саны ар башка, айрымпредметтерде үчөө болсо, айрымдарында бешке чейин.

Кыргызстан компетенттүүлүккө негизделген документти, Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү

стандартын кабыл алганына жана компетенттүүлүк мамилеге өткөнүн жарыялаганына алты жылдан ашып бaратат. Бул багытта республикалык деңгээлде атайын окуулар өткөрүлдү, акыркы адистик чеберчиликти өркүндөтүү курстары компетенттүүлүк мамилеге негизделүүдө.

Мугалимдин сабагын пландаштырууда компетенттүүлүк мамилени эске алуусу жана негизги, предметтик компетенттүүлүктөрдү сабагынын кайсы жеринде калыптандырууну пландоосу абдан маанилүү. Ошондуктан СПКда ушул пункттар киргизилди.

Тажрыйбалуу мугалимдер түзүмдүк (структуралык) түрдө жазышат, б.а. жогоруда берилген форманын пункттары (айрыкча сабактын жүрүшү боюнча) сакталганы менен, алар зарылчылыгына жараша гана кыскача толтурулат. Мисалы, жаңы теманы түшүндүрүү, практикалык иш, баалоо жана жыйынтыктоо боюнча урунттуу учурларду жазса болот.

**5**.Сабактын жүрүшү:

| № | Сабктын баскычтары (убактысы) | Мугалимдин жана окуучунун ишмердиги | Компетенттүүлүктөр | | Баалоо (калыптандыруучу баалоо техникалары), эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Негизги (НК) | Предметтик (ПК) | |
| 1 | Уюштуруу:<br>1.1.Саламдашуу | | | | |
| | 1.2 Шыктандыруу | | | | |
| 2 | Үй тапшырманы суроо | | | | |
| 3 | Жаңы теманы түшүндүрүү | | | | |
| 4 | практикалык иш | | | | |
| 5 | Бышыктоо | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Баалоо | | | | |
| 7 | Тапшырма берүү | | | | |
| 8 | Жыйынтыктоо | | | | |

Мында мугалимдер күндө жазып жүргөн кадимки СПКнын түзүмү алынды. Дароо эле төмөнкүдөй суроолордун жаралышы мыйзам ченемдүү:

**6**.Сабактын максаттары бир нече вариантта коюлуп жүрөт, негизинен төмөнкүдөй вариант колдонулат:

1. Билим берүүчү максаты;

2. Өнүктүрүүчү максаты;

3. Тарбиялоочу максаты;

Мында бул үч компоненттин биримдиги сакталышы керек.

«СПК сабактын алдын ала түзүлгөн план боюнча өтүүгө, сабакта ырааттуулуктк сактоого, пландалган нерселерди калтырып кетпөөгө, сабактын конкреттүү натыйжаларын пландаштырып, аларга жетишүүгө, убакытты туура пайдаланууга ж.б. жардам бериши керектигин» эске алсак, мугалимге сабактын максаттарын бул варианттардын каалаган түрүндө коюсуна уруксат берүү керек. Эң негизги, коюлган конкреттүү натыйжаларга жетүү болуп саналат.